КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025–жылдын 15-июлу № 10/40**

**Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылына милиция бөлүмчөсүнүн имаратын куруу үчүн 285,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 04-июлундагы №8 протоколун эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2025-жылдын 13-февралындагы №5/17 "Кызыл-Кыя шаарынын Султанов көчөсүнүн №1 дарегиндеги Кызыл-Кыя шаардык ички иштер бөлүмү жайгашкан имаратты жана Кызыл-Кыя шаарынын А.Кыпчаков көчөсүндө жайгашкан 176 чарчы метр жер тилкесин (Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 2024-жылдын 08-апрелиндеги №112 токтому менен милициянын участкалык таяныч пунктун куруу үчүн бөлүнүп берилген) муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту менен муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүлүп берилген Кызыл-Кыя шаарынын А.Кыпчаков көчөсүндө жайгашкан 176 чарчы метр жер тилкеси (Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 2024-жылдын 08-апрелиндеги №112 токтому менен милициянын участкалык таяныч пунктун куруу үчүн бөлүнүп берилген) Кызыл-Кыя шаарынын муниципалдык менчигине кайтарылсын.
2. Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн 176 чарчы метр жер аянты Кызыл-Кыя шаарынын муниципалдык менчигине кайтарылгандан кийин, анын ордуна Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылынан 285,0 чарчы метр жер аянты милиция бөлүмчөсүнүн имаратын куруу үчүн бөлүнүп берилсин жана муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүүгө макулдук берилсин.
3. Ушул токтомдун 1-2-пункттарын аткарууда мыйзам чегинде тиешелүү документтерди даярдоо жагы шаардын мэри А. Бектуровго жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Кызыл-Кыя шаардык Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Аматов**